**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ МИНИСТРЛИГИ**

# К.Ш. ТОКТОМАМАТОВ АТЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ

## К.Ш. ТОКТОМАМАТОВ АТЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТТИН 2022-2023-ОКУУ ЖЫЛЫНА

# КОМПЛЕКСТҮҮ ИШ МЕРЧЕМИ





**Жалал-Абад – 2022-ж.**

**«Б Е К И Т Е М»**
К.Ш. Токтомаматов атындагы
Эл аралык университеттин ректору
_____
э.и.д., проф., РМА акад. С.А. Өмүрзаков
2022-жылдын 25-июлу

К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин 2022-2023-окуу жылына

# КОМПЛЕКСТҮҮ ИШ МЕРЧЕМИ

| № | Иш-чаралар мазмуну | Аткаруу мөөнөттөрү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1. | К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин (ЭАУ) 2020-2030-жылдары өнүгүү стратегиясын ырааттуу жүзөгө ашыруу, учур талаптарына ылайык тактоо, жөндөө. | 2022-ж. 25.09. | Ректорат, Окумуштуулар кеңеши, Камкордук кеңеши |
| 2. | ЭАУнун Окумуштуулар кеңешинин иш мерчемин иштеп чыгуу, бекитүү жана аткарууга кабыл алуу.<br>Илимий-изилдөө иштеринин, инновациялык билим берүү технологияларынын жана эл аралык байланыштар боюнча келечектүү иш мерчемдерин иштеп чыгуу, бекитүү жана аткаруу.<br>Магистратуранын, аспирантуранын угуучуларын кабыл алуу, контингентик тактоо, окуу жараянын уюштуруу. | 2022-ж. 25.08.<br><br>2022-2023-окуу жылы бою | Илим, эл аралык байланыштар жана инновациялык билим берүү технологиялары боюнча проректор, окумуштуу катчы, илим, аспирантура жана докторантура бөлүмү, магистратуранын жогорку мектеби, эл аралык байланыштар бөлүмү |
| 3. | Окуу-усулдук кеңештин иш мерчемин иштеп чыгуу, талкуулоо жана бекитүү. Окуу жараянын уюштуруу маселелерин, жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн жана адистерди даярдоонун усулдук маселелерин, студенттик контингентти окуу-усулдук камсыздоодо профессор-окутуучулар курамынын | 2022-ж. 26.08.<br><br>2022-2023-окуу жылы бою | Окуу-усулдук кеңеш, билим берүү сапатын көзөмөлдөө, камсыздоо жана аккредитация бөлүмү, Окуу-көзөмөл департаменти |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | ишмердигин жөндөө, тактоо, максаттуу иш-чараларды колго алуу, аткаруу.<br>Монографияларды, окуу-усулдук колдонмолорду, окуу китептерин кароо, басмаканадан чыгарууга, КР Билим берүү жана илим министрлигинин грифи менен чыгарууга сунуштоо. | | |
| 4. | Жаңы окуу жылына карата окуу жараянынын мөөнөттөрүн, окуу мерчемдерин, жумушчу окуу мерчемдерин бекитүү, аткаруу жана ырааттуу аткарылышын көзөмөлдөө.<br>Студенттик контингентти тактоо, студенттик тайпаларды түзүү, курстан курска көчүрүү маселелерин кароо жана тактоо. | 2022-ж. 25-26.08.<br><br>2022-2023-окуу жылы бою | I проректор, Окуу-көзөмөл департаменти, билим берүү сапатын көзөмөлдөө, камсыздоо жана аккредитация бөлүмү, ҮАББИ, ЭАКТИ, ГЭК, ЭАКТК, ЭАМК дирекциялары, кафедра башчылары, студенттик кадрлар бөлүмү |
| 5. | Китепкана корунун иштиктүүлүгүн, бүтүндүгүн камсыздоо. Жаңы окуу китептеринин, колдонмолордун, көркөм адабияттардын жана мезгилдик басылмалардын үзгүлтүксүздүгүн камсыздоо.<br>Окурмандардын, китеп сүйүүчүлөрүнүн санын арттыруу, аларга жагымдуу шарттарды түзүү.<br>Окуу китептеринин жана колдонмолорунун тизмесин толуктоону, жаңылоону ырааттуу каржылоо. | 2022-2023-окуу жылы бою | I проректор, кафедра башчылары, Борбордук китепкана дирекциясы |
| 6. | 2022-2023-окуу жылынын башталышына карата ЭАУнун бардык окуу аянттарынын, чарбалык аянттарынын, анын ичинде жатаканасынын толук даярдыгын камсыз кылуу. | 2022-ж. 24.09. | Ректорат, экономика, эсеп-кысап, жыйынтыктоо жана каржы бөлүмү, чарба бөлүмү |
| 7. | Студенттер контингентин тактоо, студенттер катарына киргизүү, курстан курска которуу боюнча билдирүүлөрдү, буйруктарды даярдоо, окууну аяктагандардын дипломдорун даярдоо жана колуна тапшыруу. | 2022-ж. июль-сентябры | I проректор, студенттик кадрлар бөлүмү, ҮАББИ, ЭАКТИ, ГЭК, ЭАКТК, ЭАМК дирекциялары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 8. | AVN маалыматтык тутумунун кынтыксыз иштиктүүлүгүн камсыздоо. Электрондук маалыматтар базасынын бүтүндүгүн камсыздоо. Техникалык базасынын даярдыгын, иштиктүүлүгүн камсыздоо. | 2022-2023-окуу жылы бою | Ректорат, Маалыматтык технологиялар борбору |
| 9. | ЭАУнун профессор-окутуучулар курамы жана кызматкерлери арасында коррупциянын алдын алуу, болтурбоо боюнча максаттуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, кышкы жана жайкы сынактарда, окуу жайга кабыл алууда, академиялык карыздарды жоюуда коррупцияны болтурбоо. | 2022-2023-окуу жылы бою | Ректорат, ЭАУда коррупциянын алдын алуу боюнча комиссиясы |
| 10. | ЭАУнун уюштуруу-тарбия иштеринин комплекстүү мерчемин бекитүү жана илгерилетүү. | 2022-ж. 25.08.<br><br>2022-2023-окуу жылы бою | Окуудан сырткары иштер, мамлекеттик тил жана коомчулук менен байланыштар боюнча проректор, Кураторлор кеңеши, ҮАББИ, ЭАКТИ, ГЭК, ЭАКТК, ЭАМК дирекиялары |
| 11. | ЭАУнун профессор-окутуучулар курамынын, кызматкерлеринин жана студенттеринин арасында жугуштуу оорулардын алдын алуу, болтурбоо максатында текши кароодон, эмдөөдөн өтүүсүн камсыздоо үчүн үгүт иштерин жүргүзүү, көзөмөлдөө. | 2022-ж. август-сентябры | Ректорат, медициналык түйүн, ҮАББИ, ЭАКТИ, ГЭК, ЭАКТК, ЭАМК дирекиялары, бөлүм башчылары |
| 12. | ЭАУнун бардык окуу-кызматтык, каржы-чарбалык, жашоо-тиричилик (жатакана) аянттарында алдын ала тийиштүү санитардык залалсыздандыруу иштерин жүргүзүү, коомдук жана жеке тазалыкты сактоону үгүттөө, камсыз кылуу. | 2022-ж. август-сентябры<br><br>2022-2023-окуу жылы бою | Ректорат, медициналык түйүн, ҮАББИ, ЭАКТИ, ГЭК, ЭАКТК, ЭАМК дирекиялары, бөлүм башчылары |
| 13. | ЭАУнун каржы-чарбалык ишмердигинин негизги багыттарын аныктоо, бюджетинин киреше бөлүгүн камсыздоо, ички жана тышкы инвестициялардын жана кошумча кирешелердин булактарын аныктоо, тактоо. | 2022-ж. июль-августу | Ректорат, экономика, эсеп-кысап, жыйынтыктоо жана каржы бөлүмү, чарба бөлүмү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 14. | ЭАУнун бюджетин иштеп чыгуу, бекитүү жана аткаруу, материалдык-техникалык базанын, акча каражаттарынын ырааттуу, үнөмдүү пайдалануусун камсыздоо, максатсыз чыгымдарды болтурбоо, окуу жай көрсөткөн кызматтар үчүн төлөмдөрдүн окуу жай эсебине, бухгалтериясына кынтыксыз түшүүсүн, сакталышын, кассалык амалдардын талаптарга ылайык жүргүзүлүшүн камсыздоо. | Дайыма, календарлык талаптарга ылайык | Ректорат, экономика, эсеп-кысап, жыйынтыктоо жана каржы бөлүмү |
| 15. | Каржы-чарбалык иштердин төмөнкү комплексин колго алуу, каржылоо жана аткаруу:<br>- эмгек акысына – 99,518 млн.сом;<br>- социалдык фондго – 29,301 млн.сом;<br>- капиталдык оңдоо-түздөө иштерине – 14, 430 млн.сом *(башкы имараттын фасадын, кире беришин таш менен каптоо – 497 кв.м, башкы имараттын чатырын алмаштыруу – 1441 кв.м, жыйындар залынын балкондорунун чатырчасын алмаштыруу – 59,7 кв.м, балкондорунун полун кафель менен каптоо – 113 кв.м, жатакана алдында сырткы ажатканаы жаңылоо – 87 кв.м, ЭАКТИ аудиторияларын, коридорлорун жаңылоо – 337 кв.м, косметикалык оңдоо-түзөө иштери – 213 кв.м)*;<br>- окуу аудиторияларын жана кабинеттерди эмеректер менен камсыздоо – 5,477 млн.сом;<br>- компьютердик жана коштоочу жабдыктарга – 3, 862 млн.сом;<br>- окуу китептерине, колдонмолоруна жана мезгилдик басылмаларга – 0,453 млн.сом;<br>- илимий иш-чараларга – 110,5 млн.сом;<br>- кеңселик товарларга – 1,719 млн.сом;<br>- типографиялык продукцияга (журналдар, сынак китепчелери, студенттик билеттер ж.б.) – 1,752 млн.; | 2022-ж. августу<br><br>2022-2023-окуу жылы бою | Ректорат, экономика, эсеп-кысап, жыйынтыктоо жана каржы бөлүмү, чарба бөлүмү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | - коммуналдык чыгымдарга – 17,585 млн.сом;<br>- Түрк дүйнөсүн изилдөө фонду менен үлүштүк чыгымдарга – 5,880 млн.сом;<br>- негиздөөчүбүз Кыргыз кооперативдер биримдиги менен үлүштүк чыгымдарга – 4,500 млн.сом;<br>- “Бэмби” мектепке чейин таалим-тарбия борборунун тарбиялануучуларынын жана ЭАКТЛ лицейинин окуучуларынын тамак-ашына – 1,699 млн.сом;<br>- маданий-массалык иш-чараларга – 1,329 млн.сом;<br>- кызматтык сапарларга (анын ичинде студенттердин спорттук, окуу, маданий сапарларына) – 1,868 млн.сом ж.б. | | |
| 16. | Көп багыттуу долбоорлорду иштеп чыгуу, аларды илгерилетүү жана алар аркылуу тышкы, ички инвестицияларды тартуу: акчалай, материалдык-техникалык, окуу-усулдук жана илимий адабият түрлөрүндө. | 2022-2023-окуу жылы бою | ЭАУнун ректораты, бардык окуу, окуу-көмөкчү, каржы-чарбалык бөлүмдөрү |
| 17. | ЭАУнун ашканасынын, буфеттеринин иштиктүүлүгүн, студенттерди жана кызматкерлерди тейлөө сапатын камсыздоо. ЭАКТКнын “Коомдук тамактанууну уюштуруу” адистиги боюнча билим алган студенттерге окуу-өндүрүштүк базанын максаттуу пайдаланышын камсыздоо. | 2022-ж. июль-сентябры | Ректорат, ЭАУнун Эл аралык Кыргыз-Түрк институту, экономика, эсеп-кысап, жыйынтыктоо жана каржы бөлүмү |
| 18. | ЭАУнун Үзгүлтүксүз ачык билим берүү институтунун, Эл аралык Кыргыз-Түрк институтунун, Гуманитардык-экономикалык колледжинин, Эл аралык Кыргыз-Түрк колледжинин, Эл аралык медициналык колледжинин 2022-2023-окуу жылына окуу, илимий, тарбиялык иш-чараларын камтыган иш мерчемдерин бекитүү, жүзөгө ашыруу, жүзөгө ашырылышын көзөмөлдөө, о.э. аталган институттардын жана колледждердин кафедраларынын иш мерчемдерин бекитүү, аткаруу, аткарылышын көзөмөлдөө. | 2022-ж. августу<br><br>2022-2023-окуу жылы бою | Ректорат, ҮАББИ, ЭАКТИ, ГЭК, ЭАКТК, ЭАМК дирекциялары, кафедра башчылары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 19. | ЭАУнун окуу-көмөкчү кызматтарынын, каржы-чарбалык бөлүмдөрүнүн иш мерчемдерин кароо, бекитүү жана аткарылышын көзөмөлдөө. | 2022-ж. августу<br><br>2022-2023-окуу жылы бою | Ректорат, окуу-көмөкчү кызматтар, каржы-чарбалык бөлүмдөр |
| 20. | ЭАУнун Жаштар иштери боюнча комитетинин иш мерчемин иштеп чыгуу, бекитүү, жүзөгө ашыруу.<br>ЭАУнун Жаштар иштери боюнча комитетинин, Студенттик парламентинин курамын тактоо, жаңылоо.<br>Студенттик тайпаларда өзүн-өзү башкаруу уюмдарын түзүү, иштиктүүлүгүн уюштуруу, студенттердин ата-энелери, камкорчулары менен тыгыз байланыштарда болуу. | 2022-ж. август-сентябры<br><br>2022-2023-окуу жылы бою | Окуудан сырткары иштер, мамлекеттик тил жана коомчулук менен байланыштар боюнча проректор, Жаштар иштери боюнча комитет, Студенттик парламент ж.б. жаштар уюмдары, долбоорлору, Кураторлор кеңеши, тайпа кураторлору |
| 21. | ЭАУнун бүтүрүүчүлөрүнүн жана шериктештеринин ассоциациясынын иштиктүүлүгүн камсыздоо. ЭАУнун бүтүрүүчүлөрүн иш менен камсыздоо максатында иш берүүчү уюм-мекемелер жана ишканалар менен тыгыз кызматташуу. | 2022-2023-окуу жылы бою | Ректорат, Карьера жана ишке жайгаштыруу борбору |
| 22. | ЭАУнун Маданий-эстетикалык борборунун иш мерчемин иштеп чыгуу, бекитүү жана аткаруу.<br>ЭАУнун Маданий-эстетикалык борборунун ийримдерин иштетүү. | 2022-ж. 25.09.<br><br>2022-2023-окуу жылы бою | Окуудан сырткары иштер, мамлекеттик тил жана коомчулук менен байланыштар боюнча проректор, Маданий-эстетикалык борбор |
| 23. | “Ден соолук” спорт клубунун иштиктүүлүгүн камсыздоо, спорт ийримдерине студенттерди активдүү тартуу, сергек жашоо ыңгайын үгүттөө жана жайылтуу, спорттук машыгууларды, мелдештерди уюштуруу, спорттук ийгиликтерге жетиштирүү | 2022-ж. 25.09.<br><br>2022-2023-окуу жылы бою | Окуудан сырткары иштер, мамлекеттик тил жана коомчулук менен байланыштар боюнча проректор, дене тарбия жана спорт кафедрасы, “Ден соолук” спорт клубунун жетекчилиги |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 24. | ЭАУда кесиптик кошуун кыймылынын иштиктүүлүгүн камсыздоо. ЭАУнун Кесиптик кошуун комитетинин ишин уюштуруу. Эмгекчилердин кызыкчылыктарын коргоо, жамааттык ынтымакты бекемдөө. Коомдук демилгелерди колдоо, жамааттын коомдук иш-чараларын уюштуруу. | 2022-2023-окуу жылы бою | Кесиптик кошуун комитети |
| 25. | ЭАУнун жатаканасындагы жашоо-тиричилик шарттарын камсыздоо, көзөмөлдөө. Медициналык түйүндүн иштиктүүлүгүн камсыздоо, көзөмөлдөө. Студенттик өзүн-өзү башкаруу түзүлүштөрүн (студенттик кеңеш ж.у.с.) уюштуруу. | 2022-ж. 25.09.<br><br>2022-2023-окуу жылы бою | Окуудан сырткары иштер, мамлекеттик тил жана коомчулук менен байланыштар боюнча проректор, чарба бөлүмү, жатакана тарбиячылары, медициналык түйүн |
| 26. | ЭАУда коопсуздук техникасынын бардык талаптарынын аткарылышын камсыздоо, көзөмөлдөө.<br>Коомдук коопсуздукту, материалдык-техникалык базанын бүтүндүгүн камсыздоо, көзөмөлдөө. | 2022-2023-окуу жылы бою | Чарба бөлүмү, Коопсуздук кызматы, бөлүм жана кызмат башчылары. |
| 27. | ЭАУнун 30 жылдыгын юбилейдик иш-чаралар менен белгилөө: илимий конференция, салтанаттуу чогулуш жана майрамдык концерт, спорттук мелдештер, массалык маалымат каражаттарында чагылдыруу ж.у.с. | 2023-ж. апрели | Ректорат |
| 28. | “Талапкер-2023” өнөктөштүгүн уюштуруу, анын ичинде жер-жерлерде, массалык-маалымат каражаттарында кесиптик багыт берүү иштерин жүргүзүү, ачык эшиктер күнүн өткөрүү, талапкерлерди кабыл алууну уюштуруу. Жаңы 2023-2024-окуу жылына окуу акысынын өлчөмдөрүн бекитүү. | 2023-ж. апрель-августу | Кабыл алуу комиссиясы, экономика, эсеп-кысап, жыйынтыктоо жана каржы бөлүмү |
| 29. | ЭАУнун ишмердигин массалык маалымат каражаттарында, социалдык тармактарда чагылдыруу. | 2022-2023-окуу жылы бою | Окуудан сырткары иштер, мамлекеттик тил жана коомчулук менен байланыштар боюнча проректор, Кесиптик багыт берүү жана коомчулук |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | билимди толуктоо, заман талаптарына ылайык билимди жаңылоо. | | ЭАМК дирекциялары, кафедра башчылары |
| 35. | ЭАУ кызматкерлеринин кызматтык милдеттерди аткаруусун координациялоо, ишмердигин көзөмөлдөө, эмгек тартибин, кызматкерлер тууралуу маалыматтар базасынын иштиктүүлүгүн камсыздоо. | 2022-2023-окуу жылы бою | Адам ресурстарын башкаруу бөлүмү, эмгек комиссиясы |

Түзүүчүлөр:

I проректор э.и.к., проф. А.К. Кантөрөева

Илим, эл аралык байланыштар жана инновациялык билим берүү технологиялары боюнча проректор п.и.к., проф., РМА мүчө-корр. Т.Т. Омошев

Окуудан сырткары иштер, мамлекеттик тил жана коомчулук менен байланыштар боюнча проректор фил.и.к., проф., РМА мүчө-корр. А.С. Жолдошбаев